**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы**

# Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми

**2013-жылдын биринчи жарым жылдыгы**

**2013-жылдын октябрь айы**

**Бишкек**

РЕДАКЦИЯЛЫК
КЕҢЕШ:

| | |
|---|---|
| Төрага: | Абдыбалы тегин С. |
| Кеңештин мүчөлөрү: | С. Урустемов |
| | Г. Исакова |
| Жооптуу катчы: | М. Абдырахманов |

## *Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми*

«Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми» Кыргыз Ресупбликасынын Улуттук банкы тарабынан даярдалган. Төлөм теңдемин түзүүнүн мыйзамдык негизи болуп, Кыргыз Республикасынын 1997-жылдын 29-июлундагы №59 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамы жана Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2000-жылдын 3-ноябрындагы «Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеминин статистикасын жакшыртуу боюнча чаралар жөнүндө» токтому саналат. Басылмада тышкы секторду өнүктүрүүдөгү акыркы тенденциялар чагылдырылат жана төлөм теңдеми, тышкы соода, эл аралык камдар, тышкы карыз жана эл аралык инвестициялык позициялар боюнча статистикалык маалыматтарды, ошондой эле төлөм теңдемин түзүүнүн маалыматтык базасын камтыйт. Басылма жылына 4 жолу – январь, май, июль жана октябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде чыгарылып турат.

Бул басылмада, Улутутук статистика комитети тарабынан маалыматтардын кайра каралып чыгышына байланыштуу, «Кызмат көрсөтүүлөр» статьясы боюнча маалыматтар 2008-жылдан тартып өзгөртүлдү.

**Басылманын маалыматтарын жаңыртуунун акыркы күнү: 2013-жылдын 20-октябры.**

## Шарттуу белгилер жана эскертүүлөр:

... маалыматтардын жок экендигин билдирет;

— көрсөткүчтөр 0 (нөлгө) барабар же мааниге ээ эмес экендигин билдирет;

\- жылдар же айлар ортосундагы мезгил аралыгын (1994-1996-жылдар же январь-июль айлары) билдирет, бул жерде чектүү даталар аралыгындагы жылдар жана айлар камтылган.

Цифраларды тегеректөөдөн улам, акыркы саптарда суммаларды чыгарууда дал келбестиктер болушу мүмкүн.

Басылмада пайдаланылуучу эсепке алуу ыкмаларынын же буга чейин колдонулуп келген маалыматтардын өзгөртүлүшү ыктымалдыгына байланыштуу, мурда келтирилген маалыматтар корректировкаланышы мүмкүн жана ага ылайык 10 жылды камтыган мезгил аралыгы «ачык» деп эсептелинет.

Басылмага байланыштуу суроолор боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Финансы статистикасы жана маалымдоо башкармалыгынын
Төлөм теңдеми жана тышкы карыз бөлүмүнө
Бишкек шаары, Т. Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(+996 312) 66-90-07, 66-90-56 телефондору
(+996 312) 61-52-85; 61-07-30 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот.
Электрондук почта: mabdyrahmanov@nbkr.kg

Уюштуруучусу – Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы
Басылма, Кыргыз Республикасынын адилет министрлигинде 605 номеринде каттоодон өткөн.

* Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2011-жыл
Басылманы кайрадан басып чыгаруу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксаты менен жүзөгө ашырылат, ал эми андан шилтеме келтирүүдө булагын көрсөтүү зарыл.
ЖЧК «Издательство «Позитив» полиграфия комплексинде басууга даярдалды жана басылып чыгарылды
Бишкек шаары, Чуй проспекти, 147
Тел.: (+996 312) 47 79 38
e-mail: ph-positive@mail.ru.
Тел.: (+996 312) 90 13 62
Факс: (+996 312) 90 13 63.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын башка басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***

Басылма Улуттук банктын өткөн жыл үчүн толук отчету болуп саналат. Ал өзүнө республиканын экономикалык өнүгүшү жана акча-кредит саясаты, финансылык отчеттуулук, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***

Бул маалыматтык басылма Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү, экономикасынын сектору боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Ай сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндам***а

Басылма, республикадагы жана анын региондору боюнча керектөө бааларынын динамикасын, инфляциянын негизги факторлоруна жүргүзүлгөн анализдөөлөрдү, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясат жагында кабыл алган чечимдери жөнүндөгү маалыматтарды камтуу менен кийинки мезгил аралыгына инфляциялык болжолдоолорду берет. Басылма чейрек сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчет***

Бул отчет финансылык туруктуулукка таасир этүүчү тышкы жана ички экономикалык факторлор боюнча Улуттук банктын жалпы баа берүүсүн, банктардын жана башка финансылык ортомчулук институттарынын абалын, ошондой эле Кыргызстандын финансы рынокторунун күндөлүк абалын жана финансы секторунун туруктуулугун талдап-иликтөөнү чагылдырат. Жарым жылдык негизде кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары***

Республиканын коммерциялык банктарын жана коомчулукту Улуттук банктын ченемдик актылары жана банктын иши жөнүндөгү расмий маалыматтар менен камсыз кылуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын кеңири жайылтуу үчүн Улуттук банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоо, бул басылманын негизги максаты болуп саналат. Басылма айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланып турат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пресс-релизи***

Улуттук банкта болуп өткөн жаңылыктарды, финансы рыногунун негизги маалыматтарын камтыйт. Жума сайын кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланат.

Басылмалар Улуттук банктын Төрагасынын буйруусу менен бекитилген, Улуттук банктын тизмесине ылайык таратылат жана Улуттук банктын Web-баракчасында http:\\www.nbkr.kg дареги боюнча жайгаштырылып келүүдө.

## Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси

| | |
|---|---|
| АКЖО | Акча-кредиттик жөнгө салуу органдары |
| АКШ | Америка Кошмо Штаттары |
| АКУ | Атайын карыз алышуу укуктары |
| АӨБ | Азия өнүктүрүү банкы |
| БАЭ | Бириккен Араб Эмираттары |
| БК | Баалуу кагаздар |
| БФКМ | Банктык эмес финансы-кредит мекемелери |
| ДБ | Дүйнөлүк банк |
| ЖМК | Жалпыга маалымдоо каражаттары |
| ЖТК | Жалпы тышкы карыз |
| ИДӨ | Ички дүң өнүм |
| КБ | Коммерциялык банктар |
| КММ | Күйүүчү-майлоочу майлар |
| КМШ | Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештиги |
| КР | Кыргыз Республикасы |
| МИП | Мамлекеттик инвестиция программасы |
| МТК | Мамлекеттик тышкы карыз |
| НЭАК | Номиналдык эффективдүү алмашуу курсу |
| ОПЕК | Мунайды экспорттоочу өлкөлөрдүн уюму |
| ПРГФ | Жакырчылыкты азайтуу жана экономикалык өсүштү туруктуу абалга келтирүү механизми |
| РЭАК | Реалдуу эффективдүү алмашуу курсу |
| СИФ | Импортер-өлкөнүн чек арасындагы баа (cost, insurance, freight) |
| ТБЭС | Коммерциялык банктарда төлөмдөрдүн багытын эсепке алуу системасы |
| ТКМ | Транспорт жана коммуникация министрилиги |
| ТИМ | Тышкы иштер министрилиги |
| ТЭИТН | Тышкы экономикалык ишкердиктин товардык номенклатурасы |
| УСК | Улуттук статистика комитети |
| ФОБ | Экспорттоочу өлкөнүн чек арасындагы баа (free on board) |
| ФМ | Финансы министрилиги |
| ЭВФ | Эл аралык валюта фонду |
| ЭСТК | Эл аралык стандарттык товардык классификация |
| УБ | Улуттук банк |
| УСК | Улуттук Статистика комитети |
| ФМ | Финансы министрлиги |
| ФОБ | Экспортер-өлкөнүн чегарасындагы баа |
| ЭВФ | Эл аралык Валюта Фондусу |
| ЭСТК | Эл аралык стандарттык товардык классификация |

## Мазмуну

**Төлөм теңдеминин учурдагы абалы ...... 7**
**I тиркеме: Таблицалар жана графиктер ...... 29**
I.1-таблица: Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (нейтралдуу формасы) ...... 31
I.2-таблица: ТЭИТНдин бөлүктөрү боюнча экспортту бөлүштүрүү ...... 38
I.3-таблица: ЭСТКнын бөлүктөрү боюнча экспортту бөлүштүрүү ...... 38
I.4-таблица: ТЭИТНдин бөлүктөрү боюнча импортту бөлүштүрүү ...... 39
I.5-таблица: ЭСТКнын бөлүктөрү боюнча импортту бөлүштүрүү ...... 39
I.6-таблица: Экспорттун функционалдык бөлүштүрүлүшү ...... 40
I.7-таблица: Экспорттун географиялык бөлүштүрүлүшү ...... 40
I.8-таблица: Импорттун функционалдык бөлүштүрүлүшү ...... 41
I.9-таблица: Импорттун географиялык бөлүштүрүлүшү ...... 41
I.10-таблица: Продукциялардын негизги түрлөрүнүн экспорту ...... 43
I.11-таблица: Продукциялардын негизги түрлөрүнүн импорту ...... 45
I.12-таблица: Баа индекстери жана экспорттун физикалык көлөмү ...... 46
I.13 - таблица: Баа индекстери жана импорттун физикалык көлөмү ...... 47
**Өлкөлөр боюнча экспорттолуучу товарлардын негизги түрлөрү ...... 48**
1.14-таблица: Россияга товарлардын экспорту ...... 48
I.15-таблица: Казакстанга товарлардын экспорту ...... 49
I.16-таблица: Өзбекстанга товарлардын экспорту ...... 50
I.17-таблица: Беларусияга товарлардын экспорту ...... 51
I.18-таблица: Швейцарияга товарлардын экспорту ...... 52
I.19-таблица: Кытайга товарлардын экспорту ...... 53
I.20-таблица: Түркияга товарлардын экспорту ...... 54
I.21-таблица: БАЭге товарлардын экспорту ...... 55
I.22-таблица: Афганистанга товарлардын экспорту ...... 56
**Өлкөлөр боюнча импорттолуучу товарлардын негизги түрлөрү ...... 57**
I.23-таблица: Россиядан товарлардын импорту ...... 57
I.24-таблица: Казакстандан товарлардын импорту ...... 58
I.25-таблица: Өзбекстандан товарлардын импорту ...... 59
I.26-таблица: Украинадан товарлардын импорту ...... 60
I.27-таблица: Беларусиядан товарлардын импорту ...... 61
I.28-таблица: Кытайдан товарлардын импорту ...... 62
I.29-таблица: АКШдан товарлардын импорту ...... 63
I.30-таблица: Германиядан товарлардын импорту ...... 64
I.31-таблица: Түркиядан товарлардын импорту ...... 65
I.32-таблица: Япониядан товарлардын импорту ...... 66
I.33-таблица: Корея Республикасынан товарлардын импорту ...... 67
I.34-таблица: Нидерланддан товарлардын импорту ...... 68
I.1-график: Алмашуу курсу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекси ...... 69
I.35-таблица: Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекстери: жалпы, КМШ жана алыскы четөлкөлөр боюнча ...... 70
I.36-таблица: Кыргыз Республикасына тике чет өлкө инвестицияларынын таза агылып кирүүсүнүн географиялык түзүмү ...... 72
I.37-таблица: Кыргыз Республикасына экономикалык иштин түрлөрү боюнча тике чет өлкө инвестициялары ...... 72
I.38-таблица: Эл аралык камдар (бир мезгилдин акырына карата) ...... 73
I.39-таблица. Кыргыз Республикасынын тышкы карызы ...... 73
I.40-таблица. Кыргыз Республикасынын тышкы карызынын кредиторлордун түрү боюнча түзүмү ...... 74
I.41-таблица: 2013-жылдын 1-январына жана 2013-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын эл аралык инвестицияларынын балансы ...... 75
I.42-таблица: Кыргыз Республикасынын чет өлкө активдеринин жана милдеттенмелеринин 2009-жылдан 2013-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча динамикасы ...... 76
**II- тиркеме ...... 77**
II.l-таблица: Кыргыз Республикасынын төлөм теңдемин түзүү үчүн Улуттук банк ...... 77
тарабынан пайдаланылуучу маалымат булактары ...... 77

# ТӨЛӨМ ТЕҢДЕМИНИН УЧУРДАГЫ АБАЛЫ

**1-график: Күндөлүк операциялар эсеби**
*ИДӨгө карата пайыздарда*




2013-жылдын биринчи жарымында «күндөлүк трансферттер статьясы» боюнча акчалай түшүүлөрдүн өсүш арымынын сакталгандыгына жана кызмат көрсөтүү теңдеминин терс сальдосунун азайгандыгына карабастан, соода теңдеминин жана кирешелер теңдеминин абалынын начарлоосу күндөлүк операциялар эсебинин тартыштыгынын 949,7 млн. АКШ долларына (ички дүң өнүмгө (ИДӨ) карата 24,7 пайызга) көбөйүүсүнө алып келген. Күндөлүк эсептин терс сальдосу капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби боюнча капиталдын 502,4 млн. АКШ доллар өлчөмүндөгү таза агымы менен жарым-жартылай каржылоого алынган.

Улуттук банктын берген баасы боюнча күндөлүк операциялар эсебинин тартыштыгы, Улуттук банктын мунай заттарынын реэкспорту жана кызмат көрсөтүү экспорту боюнча кошумча баа берүүлөрүн эске алганда, 521,5 млн АКШ долларын (ИДӨгө карата 15,6 пайызды) түзгөн.

## СООДА ТЕҢДЕМИ

**2-график. Кыргыз Республикасынын соода балансы**
*ИДӨгө карата пайыздарда*




**Кыргыз Республикасынын соода теңдеми** 2013-жылдын биринчи жарымында 1 606,4 млн. доллары өлчөмүндө терс сальдосу менен калыптанган, бул 2012-жылдын тиешелүү мезгилиндегиден 23,7 пайызга көп.

Соода теңдеминин абалынын начарлоосуна түрткү берген негизги себеп катары төмөнкү факторлорду атоого болот:

а) текстиль тармагы чыгарган продукциялардын, айыл чарба жана металлургия өндүрүшүнүн продукциялар экспортунун көлөмүнүн төмөндөшү;

б) мунай заттарынын импорт көлөмүнүн өсүшү.

Отчеттук мезгил ичинде **тышкы соода жүгүртүүсү** ФОБ баасында 7,5 пайызга көбөйүп, 3 272,8 млн. АКШ долларына жеткен.

УСКнын жана Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алганда товарлардын ФОБ баасындагы экспорту 2012-жылдын алгачкы 6 айынын көрсөткүчүнө салыштырганда 4,6 пайызга кыскарып, 833,2 млн. АКШ доллары өлчөмүндө калыптанган. Кошумча баа берүүлөрдү эске албаганда товарлардын ФОБ баасындагы экспорту 655,5 млн. АКШ доллары чегинде катталган.

**1-таблица. Товарлардын негизги түрлөрүнүн экспорту***
*(млн. АКШ долларында)*

| Аталыш | I ж/ж 09 | I ж/ж 10 | I ж/ж 11 | I ж/ж 12 | I ж/ж 13 | экспортко, пайыздарда I ж/ж 13 | алтын эске алынбаган экспортко карата, пайыздарда I ж/ж 13 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **565,1** | **768,3** | **918,2** | **695,5** | **655,5** | **100,0** | - |
| Монетардык эмес алтын | 161,5 | 361,3 | 504,2 | 211,0 | 199,5 | 30,4 | - |
| Авиакеросин[1] | 76,2 | 24,9 | 27,3 | 40,5 | 54,5 | 8,3 | 11,9 |
| Кийим-кечелер жана аларга тиешелүү буюмдар | 34,8 | 64,1 | 74,8 | 80,4 | 51,7 | 7,9 | 11,3 |
| Жашылчалар | 21,7 | 26,1 | 51,1 | 43,1 | 38,4 | 5,9 | 8,4 |
| Мөмө-жемиштер жана жаңгактар, жаңы жыйналган жана кургатылган | 9,2 | 10,2 | 11,7 | 21,9 | 21,3 | 3,3 | 4,7 |
| Жүк ташуу үчүн автомобилдер жана атайын багытка каралган автомобилдер | 1,0 | 2,2 | 1,1 | 18,8 | 20,9 | 3,2 | 4,6 |
| Чоюн жана болот | 0,6 | 1,8 | 5,2 | 11,8 | 16,0 | 2,4 | 3,5 |
| Тапталган айнек же жылмакайлатылган айнек | 0,9 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 15,0 | 2,3 | 3,3 |
| Башка органикалык эмес химиялык заттар | 116,8 | 135,1 | 5,1 | 13,3 | 14,8 | 2,3 | 3,3 |
| Резина дөңгөлөктөрү | 2,7 | 0,7 | 4,7 | 4,2 | 14,7 | 2,2 | 3,2 |
| Башка товарлар | 139,5 | 141,8 | 233,1 | 250,4 | 208,7 | 31,8 | 45,8 |
| **Бардыгы болуп экспорт алтынды эске албаганда** | **403,5** | **407,0** | **414,0** | **484,5** | **456,0** | — | **100,0** |

* УСКнын маалыматтары боюнча, ФОБ баасында, Улуттук банктын жана УСКнын баа берүүлөрүн эске албаганда
[1] Борт запастарды чыгаруу

**Алтынды эске албаганда экспорт** 456,0 млн. АКШ долларын түзгөн[1], бул 2012-жылдын январь-июнь айларындагыга караганда 5,9 пайызга аз. Отчеттук мезгил ичинде алтынды эске албаганда, экспорт көлөмүнүн динамикасына физикалык көлөмдүн өзгөрүүсү сыяктуу эле, 9 ири товардык топтун контракттык баасы аныктоочу таасирин тийгизген, аларга, алтынды эске албаганда, экспорттун 37,7 пайызы туура келген (1-таблицаны карагыла).

Нарктык көлөмдө эң эле олуттуу төмөндөө «кийим-кече жана аларга тиешелүү буюмдар» тобу боюнча байкалган (35,7 пайызга кыскаруу).

Кыргыз Республикасынын экспортунун чоң бөлүгүн **кайра иштетүү өнөр жайынын** (металлургия, текстиль жана тигүү өндүрүшүнүн) **жана айыл чарба продукциялары** элейт.

Отчеттук мезгил ичинде орточо контракттык баалардын 6,7 пайызга төмөндөшү[2] алтынды ташып кетүүнүн нарктык көлөмүнүн 5,4 пайызга кыскарышына алып келген. Мында, алтындын экспорту натуралай түрүндө алганда 1,4 пайызга өскөн. Ошондой болсо да, **металлургия өндүрүшүнүн продукцияларынын** экспортунда алтындын экспорту алдыңкы орунду ээлөөдө (бүтүндөй өндүрүштүн 86,5 пайызы).

[1] Улуттук банктын жана УСКнын кошумча баа берүүлөрүн эске албаганда ФОБ баасында; 2013-жылдын биринчи жарымында алтынды эске албаганда, Улуттук банктын УСКнын кошумча баа берүүлөрү менен 633,7 млн. АКШ долларын түзгөн.

[2] 2013-жылдын январь-июнь айларында алтындын 1 троян унциясы үчүн дүйнөлүк орточо баа 1 524,3 АКШ долларын түзгөн, бул 2012-жылдын ушул эле мезгилиндеги баа деңгээлинен 7,7 пайызга төмөн; булагы: Reuters.

## 2-таблица. Металлургиялык өндүрүштүн негизги продукцияларынын экспорту*

| Товарлардын аталыштары | өлч. бирдиги | I ж/ж 08 | I ж/ж 09 | I ж/ж 10 | I ж/ж 11 | I ж/ж 12 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Монетардык эмес алтын | *т* | 5,6 | 9,9 | 11,0 | 4,0 | 4,0 |
| | *млн. АКШ долл.* | 161,5 | 361,3 | 504,2 | 211,0 | 199,5 |
| Чоюн жана болот | *миң т* | 1,9 | 6,2 | 9,7 | 12,9 | 21,5 |
| | *млн. АКШ долл.* | 0,6 | 1,8 | 5,2 | 11,8 | 16,0 |
| Ар түрдүү баалуулукка жатпаган металлдар | *миң т* | 0,1 | 0,4 | 0,3 | 0,4 | 1,0 |
| | *млн. АКШ долл.* | 0,4 | 2,9 | 3,7 | 4,6 | 6,5 |
| Башка категорияларда камтылбаган, баалуулукка жатпаган түстүү металл сыныктары жана калдыктары | *миң т* | 1,3 | 4,8 | 5,7 | 5,1 | 6,7 |
| | *млн. АКШ долл.* | 0,5 | 1,3 | 5,0 | 5,4 | 5,5 |
| Металл сыныктары жана кара металлургия калдыктары | *миң т* | 32,2 | 46,2 | 94,6 | 41,3 | 37,6 |
| | *млн. АКШ долл.* | 1,7 | 2,4 | 7,8 | 3,7 | 3,0 |

*УСКнын маалыматтары боюнча, ФОБ баасында, Улуттук банктын жана УСКнын баа берүүлөрүн эске албаганда

Металл сыныктарын жана кара металлургия калдыктарын эске албаганда, металлургия өндүрүшүнүн калган продукциялары боюнча берүүлөр көлөмүнүн өскөндүгү байкалган.

2013-жылдын биринчи жарымында Кыргыз Республикасынын аймагына айрым товарларды алып келүү эрежелеринин өзгөрүшүнөн[3] жана чет өлкө сатып өткөрүү рынокторунда тигүү тармагынын продукцияларына суроо-талаптын төмөндөшүнөн улам өндүрүш көлөмүнүн, **текстиль жана тигүү тармагынын продукцияларынын** экспортунун төмөндөшү[4] жүргөн. Алсак, отчеттук мезгил ичинде кийим-кече жана аларга керектөө буюмдардын экспортунун көлөмү 51,7 млн. АКШ долларын түзгөн. Бул 2012-жылдын биринчи жарымында жетишилген деңгээлден 35,7 пайызга төмөн. Тармакта экспорттун айрыкча олуттуу төмөндөшү, товарлардын ушул тобунда эң ириден болгон «аялдар жана кыздар үчүн текстиль кездемеден тигилген кийим-кечелер» тобу боюнча байкалган (34,2 пайызга же 19,0 млн. АКШ долларына кыскаруу). Бул товарлардын экспортунун кыскарышы контракттык баалардын жана берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн төмөндөшү менен шартталган (тиешелүүлүгүнө жараша, 29,4 жана 6,7 пайыз).

Эркектер үчүн трикотаж жана токулган кийимдерди эске албаганда, тигүү тармагынын башка товарларынын экспортунун көлөмү да кыскарган. Бул товарлардын физикалык көлөмүнүн кыскарышы орточо экспорттук баанын төмөндөшү менен коштолгондугун да белгилеп кетүү зарыл.

## 3-таблица. Тигүү өндүрүшүнүн негизги продукцияларынын экспорту*

| Товарлардын аталыштары | өлч. бирдиги | I ж/ж 09 | I ж/ж 10 | I ж/ж 11 | I ж/ж 12 | I ж/ж 13 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Кийим-кечелер жана аларга тиешелүү буюмдар бардыгы болуп** | ***млн. АКШ долл.*** | **34,8** | **64,1** | **74,8** | **80,4** | **51,7** |
| Аялдар жана кыздар үчүн текстиль кездемелеринен тигилген кийим-кечелер | *млн. даана* | 16,7 | 24,7 | 25,9 | 34,4 | 32,1 |
| | *млн. АКШ долл.* | 29,2 | 44,3 | 48,6 | 55,6 | 36,6 |
| Трикотаж же трикотаж эмес, токулган же токулбаган кийим-кечелерге тиешелүү буюмдар | *млн. даана* | - | - | - | - | - |
| | *млн. АКШ долл.* | 1,6 | 4,5 | 4,6 | 6,2 | 4,6 |

[3] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 17-августундагы №573 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөр жана толуктоолор жөнүндө» токтомуна ылайык, жерде жүрүүчү транспорт менен товарлардын айрым түрлөрүн ташып келүүдөгү бажы алымынын жана салыктардын бирдиктүү чени 1 кг үчүн 0,15тен 0,35 АКШ доллары долларына чейин жогорулатылган.

[4] УСКнын маалыматтары боюнча 2013-жылдын январь-июнь айларында текстиль жана тигүү өндүрүшүндө иш көлөмү 22,1 пайызга кыскарган.

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Эр адамдар жана балдар үчүн текстиль материалдарынан тигилген кийим-кечелер | *млн. даана* | 1,7 | 2,9 | 3,4 | 4,4 | 3,3 |
| | *млн. АКШ долл.* | 2,7 | 5,3 | 7,9 | 7,9 | 4,6 |
| Аялдар жана кыздар үчүн трикотаждан тигилген же токулган кийим-кечелер | *млн. даана* | 0,2 | 6,4 | 7,9 | 6,1 | 3,9 |
| | *млн. АКШ долл.* | 0,4 | 7,9 | 11,7 | 8,4 | 3,9 |
| Эр адамдар жана балдар үчүн трикотаждан тигилген же токулган кийим-кечелер | *млн. даана* | 0,0 | 0,6 | 1,2 | 2,2 | 3,1 |
| | *млн. АКШ долл.* | 0,0 | 0,5 | 0,7 | 1,0 | 1,0 |
| Текстиль кездемелеринен даярдалган, трикотаж же трикотаж эмес кийим-кечелерге тиешелүү буюмдар | *млн. даана* | - | - | - | - | - |
| | *млн. АКШ долл.* | 0,4 | 1,3 | 0,9 | 1,2 | 0,7 |
| Башка кийим-кечелер жана аларга тиешелүү буюмдар | *млн. даана* | - | - | - | - | - |
| | *млн. АКШ долл.* | 0,4 | 0,3 | 0,4 | 0,2 | 0,4 |

*УСКнын маалыматтары боюнча, ФОБ баасында, Улуттук банктын жана УСКнын баа берүүлөрүн эске албаганда

2013-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча **айыл чарба өнүмдөрүн** өстүрүп алуунун реалдуу жогорулашы 1,9 пайызды түзүп[5], негизинен мал чарба азыгын алуунун өсүшү менен шартталган. Алсак, отчеттук чейрек ичинде тирүү малды экспорттоо 42,9 пайызга (же 1,7 млн. АКШ долларына), эт жана эт азыктары 69,5 пайызга (же 1,2 млн. АКШ долларына өскөн. Бул жерде, мындай азыктарды берүүлөрдүн өсүшү, экспорттук баанын сыяктуу эле, физикалык көлөмдүн көбөйүүсү менен камсыз кылынгандыгын баса белгилеп кетүү зарыл. Ушуну менен катар эле, сүт азыктарын сыртка өткөрүү дээрлик токтогон (88,9 пайызга же 12,3 млн. АКШ долларына кыскарган), пахтаны (59,2 пайызга же 9,7 млн. АКШ долларына), жашылчаны (10,8 пайызга же 4,7 млн. долларына), терилерди жана иштетилбеген булгаарыны (30,0 пайызга же 0,9 млн. доллары) жана башкаларды экспорттоо көлөмү төмөндөгөн. Бул жерде, ушул позициялар боюнча берүүлөрдүн кыскарышы эң оболу, физикалык көлөмдүн төмөндөшүнөн улам келип чыккандыгын белгилеп кетүү зарыл.

**4-таблица. Айыл чарбасынын негизги продукцияларынын экспорту***

| Товарлардын аталыштары | өлч. бирдиги | I ж/ж 09 | I ж/ж 10 | I ж/ж 11 | I ж/ж 12 | I ж/ж 13 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Жаңы үзүлгөн, тоңдурулган же консервацияланган жашылчалар | *миң т* | 68,3 | 104,7 | 183,4 | 137,7 | 124,8 |
| | *млн. АКШ долл.* | 21,7 | 26,1 | 51,1 | 43,1 | 38,4 |
| Мөмө-жемиштер, жаңгактар (май алынуучу жаңгактардан тышкары), жаңы жыйналып алынгандары жана кургатылгандар | *миң т* | 20,6 | 21,6 | 16,6 | 29,0 | 27,6 |
| | *млн. АКШ долл.* | 9,2 | 10,2 | 11,7 | 21,9 | 21,3 |
| Пахта | *миң т* | 7,6 | 2,4 | 3,6 | 12,0 | 5,2 |
| | *млн. АКШ долл.* | 7,2 | 2,4 | 5,4 | 16,4 | 6,7 |
| Тирүү малдар | *миң т* | 7,8 | 12,5 | 20,8 | 16,0 | 17,4 |
| | *млн. АКШ долл.* | 1,7 | 1,7 | 3,7 | 3,9 | 5,6 |
| Эт жана эт азыктары | *миң т* | 0,1 | 0,2 | 0,3 | 0,2 | 0,2 |
| | *млн. АКШ долл.* | 0,5 | 1,0 | 1,5 | 1,8 | 3,0 |
| Ири мүйүздүү мал терилери жана иштетилбеген булгаары | *миң т* | 0,2 | 0,1 | 0,7 | 0,8 | 0,7 |
| | *млн. АКШ долл.* | 0,6 | 0,4 | 2,3 | 3,1 | 2,2 |
| Башка категорияда камтылбаган тамак-аш азыктары | *миң т* | 0,7 | 0,6 | 1,1 | 1,8 | 2,2 |
| | *млн. АКШ долл.* | 0,8 | 0,8 | 1,1 | 1,6 | 2,1 |
| Дан азыктары, ундан же өсүмдүк жана жашылча крахмалынан жасалган азыктар | *миң т* | 0,8 | 0,5 | 0,6 | 0,9 | 0,6 |
| | *млн. АКШ долл.* | 1,4 | 1,1 | 1,7 | 2,8 | 2,1 |
| Майдан жана сырдан тышкары, сүт, каймак, сүт азыктары | *миң т* | 9,6 | 15,0 | 13,9 | 17,1 | 1,4 |
| | *млн. АКШ долл.* | 7,7 | 10,7 | 13,4 | 13,8 | 1,5 |

* УСКнын маалыматтары боюнча, ФОБ баасында, Улуттук банктын жана УСКнын баа берүүлөрүн эске албаганда

[5] «Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык абалы (2013-жылдын январь-июнь айлары)», УСК.

2013-жылдын январь-июнь айларында экспорттун 18,5 пайызын каттоодон өткөртүлгөн **реэкспорт** түзгөн[6]. Алардын көлөмүн 2012-жылдын жарым жылдыгындагыга салыштырганда 40,0 пайызга өсүп, 121,0 млн. АКШ долларына жеткен. Реэкспорттун негизин машиналар жана жабдуулар, ошондой эле аларга керектүү буюмдар, органикалык эмес заттар, шаймандар, чоюн жана болот, ошондой эле башка продукциялар түзгөн.

**5-таблица. Негизги продукциялардын реэкспорту***

*(млн. АКШ долл.)*

| Аталыш | I ж/ж 09 | I ж/ж 10 | I ж/ж 11 | I ж/ж 12 | I ж/ж 13 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Реэкспорт, бардыгы болуп** | 210,6 | 144,5 | 40,4 | 86,4 | 121,0 |
| Жүк ташуу үчүн автомобилдер жана атайын багытка каралган автомобилдер | 0,6 | 2,0 | 1,0 | 18,6 | 20,2 |
| Башка органикалык эмес заттар | 116,8 | 106,1 | 2,8 | 13,3 | 14,8 |
| Резина дөңгөлөктөрү | 2,7 | 0,6 | 4,7 | 4,2 | 14,7 |
| Автоунаалардын жана башка тетиктери жана ага тиешелүү буюмдар | 1,5 | 3,0 | 9,3 | 9,6 | 12,8 |
| Чоюн жана болот | 0,0 | 0,0 | 2,2 | 8,8 | 11,8 |
| Жеңил автомобилдер жана жүк ташууга багытталган транспорт каражаттары | 0,1 | 0,4 | 1,3 | 3,3 | 4,6 |
| Учуучу аппараттар жана аларга байланыштуу жабдуулар | 0,0 | 1,0 | 0,3 | 0,4 | 2,1 |
| Кол жана машина менен иштетүүчү инструменттер | 0,1 | 0,0 | 1,9 | 3,0 | 1,8 |
| Башка товарлар | 11,0 | 13,8 | 16,8 | 25,2 | 38,3 |

*УСКнын маалыматтары боюнча, ФОБ баасында, Улуттук банктын жана УСК баа берүүлөрүн эске албаганда

Отчеттук жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча экспортун **географиялык түзүмүндө** белгилүү бир өзгөрүүлөр жүргөн.

Алтындын экспортунун нарктык көлөмүнүн бир аз төмөндөшү Швейцариянын абалына таасир эткен эмес, демек экспортто 29,6 пайызды ээлөө менен бул мамлекет өлкөнүн соода боюнча негизги өнөктөшү бойдон калган. Экспорттун жалпы көлөмүндө Казакстандын салыштырма салмагы туруктуу бойдон калууда (26,5 пайыз). Резина дөңгөлөктөрүн, чоюнду жана болотту, транспорт каражаттарын, Өзбекстанга алып кетүүнүн артышы (негизинен реэкспорттоо), экспорттогу анын салыштырма салмагынын 9,5 пайыздан отчеттук мезгилдеги 13,1 пайызга чейин көбөйүүсүнө түртку берген. Россия Федерациясынын үлүшү 17,2 пайыздан 10,1 пайызга чейин төмөндөгөн, бул биринчи кезекте, кийим-кече жана аларга керектүү буюмдарды берүүлөрдүн кыскарышынан улам келип чыккан. Жалпысынан, отчеттук мезгил ичинде Кыргыз Республикасы дүйнөнүн 79 өлкөсүнө товар экспорттогон (салыштыруу үчүн алып көрсөк 2009-жылдын биринчи жарым жылдыгында 57 өлкөгө экспорттоо ишке ашырылган).

Сыртка жөнөтүлгөн товарларды географиялык бөлүштүрүү, алтынды эске албаганда, Кыргыз Республикасында өндүрүлгөн товарлар сатып өткөрүлгөн негизги рыноктон болуп КМШ өлкөлөрү саналаарын тастыктоодо. Экспорттолуучу негизги товарларга жогорку географиялык концентрациялануу шарты мүнөздүү, бул өзгөчө алтын, кийим-кече жана аларга керектүү буюмдар, жүк ташуучу автоунаалар, башка органикалык эмес химиялык заттар боюнча байкалган. Буларды берүүлөрдүн 90,0 пайызынан көбүрөөгү 1 өлкөгө багытталган. Кыргыз Республикасынын тышкы соода жүгүртүүсү товарлардын айрым түрлөрүн ичтен өндүрүүгө, атамекендик экономикалык абалына, ошондой эле соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдүн жүргүзүп жаткан соода саясатынан көз карандылыгы мунун себеби.

[6] Реэкспорт – бул, өлкөгө алгач импорттолуп келинген абалынан эч кандай өзгөрүүсүз чет өлкө товарларынын өлкөдөн алынып кетиши (башка өлкөлөрдө ишке ашырылган жана мурда импорттолгон).

## 6-таблица. Товарлардын айрым түрлөрүнүн экспортунун географиялык түзүмү

*(млн. АКШ доллары)*

| Товарлардын аталыштары | Мамлекеттер | I ж/ж 09 | I ж/ж 10 | I ж/ж 11 | I ж/ж 12 | I ж/ж 13 | бардыгына карата, пайыздарда, I ж/ж 13 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Алтын (монетардык эмес)** | **Бардыгы** | **161,5** | **361,3** | **504,2** | **211,0** | **199,5** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Швейцария | 161,5 | 131,5 | 366,2 | 211,0 | 192,9 | 96,7 |
| **Авиакеросин** | **Бардыгы** | **76,2** | **24,9** | **27,3** | **40,5** | **54,5** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Россия | 4,6 | 7,2 | 12,6 | 19,3 | 23,8 | 43,7 |
| | Түркия | 2,4 | 5,1 | 4,2 | 6,4 | 8,6 | 15,8 |
| | БАЭ | 2,6 | 7,2 | 4,3 | 2,7 | 4,7 | 8,6 |
| | Кытай | 0,6 | 1,1 | 1,1 | 3,9 | 3,8 | 6,9 |
| **Кийим-кечелер жана аларга тиешелүү буюмдар** | **Бардыгы** | **34,8** | **64,1** | **74,8** | **80,4** | **51,7** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Казакстан | 0,2 | 0,2 | 0,4 | 25,6 | 48,9 | 94,6 |
| | Россия | 34,2 | 63,3 | 74,0 | 54,6 | 2,6 | 5,1 |
| **Жаңы үзүлгөн, тоңдурулган же консервацияланган жашылчалар** | **Бардыгы** | **21,7** | **26,1** | **51,1** | **43,1** | **38,4** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Казакстан | 0,2 | 5,0 | 23,7 | 27,9 | 21,2 | 55,2 |
| | Түркия | 7,5 | 6,5 | 12,4 | 4,8 | 7,0 | 18,3 |
| | Македония | 0,7 | 0,1 | 0,7 | 1,3 | 2,5 | 6,4 |
| | Россия | 10,5 | 10,1 | 9,3 | 4,0 | 2,4 | 6,2 |
| | Болгария | 1,2 | 2,9 | 2,0 | 3,1 | 2,1 | 5,5 |
| **Мөмө-жемиштер, жаңгактар, жаңы жыйналып алынгандары жана кургатылгандар** | **Бардыгы** | **9,2** | **10,2** | **11,7** | **21,9** | **21,3** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Казакстан | — | 0,4 | 3,6 | 16,0 | 16,4 | 76,7 |
| | Түркия | 0,6 | 0,1 | 0,4 | 0,9 | 1,3 | 5,9 |
| | Ирак | 1,0 | — | 0,2 | 0,5 | 1,2 | 5,5 |
| **Жүк ташуу үчүн автомобилдер жана атайын багытка каралган автомобилдер** | **Бардыгы** | **1,0** | **2,2** | **1,1** | **18,8** | **20,9** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Өзбекстан | 0,2 | 1,6 | 0,9 | 18,1 | 19,2 | 91,8 |
| | Тажикстан | 0,1 | 0,0 | 0,0 | 0,4 | 1,0 | 5,0 |
| **Тапталган айнек же жылмакайлатылган айнек** | **Бардыгы** | **0,9** | **0,0** | **0,0** | **0,0** | **15,0** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Казакстан | 0,1 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 7,7 | 51,6 |
| | Россия | 0,4 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 6,8 | 45,2 |
| **Башка органикалык эмес заттар** | **Бардыгы** | **116,8** | **135,1** | **5,1** | **13,3** | **14,8** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Казакстан | — | 10,0 | 5,1 | 13,3 | 14,8 | 100,0 |
| **Автомобиль тетиктери жана ага тиешелүү буюмдар** | **Бардыгы** | **7,9** | **6,0** | **11,9** | **11,3** | **14,6** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Беларусь | 0,7 | 1,0 | 2,9 | 4,4 | 6,6 | 45,1 |
| | Россия | 0,4 | 1,1 | 2,7 | 2,2 | 3,6 | 24,8 |
| | Өзбекстан | **0,7** | 1,2 | 3,6 | 2,4 | **2,1** | 14,6 |
| **Пахта** | **Бардыгы** | **7,2** | **2,4** | **5,4** | **16,4** | **6,7** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Россия | 6,1 | 1,4 | 4,3 | 12,6 | 3,5 | 52,3 |
| | Түркия | 0,5 | 1,0 | 0,4 | 2,7 | 3,2 | 47,3 |

* УСКнын маалыматтары боюнча, ФОБ баасында, Улуттук банктын жана УСКнын баа берүүлөрүн эске албаганда

## Кыргыз Республикасынын Бажы союзуна кирген өлкөлөр менен товар жүгүртүүсү

Кыргыз Республикасынын Бажы союзуна кирген өлкөлөр менен жалпы товар жүгүртүүсү олуттуу салыштырма салмакка ээ: 2013-жылдын биринчи жарымында аларга импорттун 46,3 пайызы, экспортун 37,7 пайызы тура келген. Эгерде, Бажы союзуна кирген өлкөлөрдүн акыркы 5 жылдын тиешелүү мезгилиндеги импорттун жалпы көлөмүндөгү үлүшү туруктуу бойдон (орточо 46,6 пайыз) сакталып калган болсо, экспортто Бажы союзуна кирген өлкөлөргө алынып кеткен товарлардын салыштырма салмагынын көбөйүүгө ык койгондугу байкалган.

### 1-таблица: Бажы союзуна кирген өлкөлөр менен товар жүгүртүүсү

*( млн. АКШ доллары)*

| | I ж/ж 09 | I ж/ж 10 | I ж/ж 11 | I ж/ж 12 | I ж/ж 13 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Бажы союзуна кирген өлкөлөргө экспорт** | **125,0** | **183,4** | **257,5** | **294,2** | **243,0** |
| алардын ичинен: | | | | | |
| Россия | 83,7 | 123,0 | 135,7 | 119,5 | 66,3 |
| Казакстан | 40,0 | 58,3 | 120,4 | 172,7 | 174,0 |
| Беларусь | 1,3 | 2,1 | 1,3 | 2,1 | 2,7 |
| **Бажы союзуна кирген өлкөлөрдөн импорт** | **640,1** | **647,7** | **776,5** | **1 084,3** | **1 224,5** |
| алардын ичинен: | | | | | |
| Россия | 466,0 | 453,7 | 547,7 | 791,0 | 902,4 |
| Казакстан | 156,3 | 168,2 | 181,4 | 237,0 | 259,0 |
| Беларусь | 17,8 | 25,8 | 47,5 | 56,3 | 63,1 |

*Экспорт ФОБ баасында, импорт СИФ баасында (Улуттук банктын жана УСК баа берүүлөрүн эске албаганда)

Ар кандай даяр буюмдар (кийим-кечелер, тамак-аш азыктары (жашылча жемиштер) химиялык заттар, минерал отундары (авиакеросинин[1]) жана башка товарлар Бажы союзуна кирген өлкөлөргө негизги экспорттук позициялардан болгон. Бажы союзуна кирген өлкөлөрдөн негизинен күйүүчү майлоочу материалдар (КММ), тамак-аш азыктары (буудай жана угут, ун, какао кошулган азыктар, кант, дандан, ундан жана крахмалдан жасалган азыктар), ар кандай химиялык заттар (дары-дармектер, эфир майы), унаалар жана транспорттук жабдуулар импорттолуп алынган.

[1] Борттордогу запастарды алып кетүүлөр.

**Товарлардын ФОБ баасындагы импорту** өтүп жаткан жылдын биринчи жарым жылдыгын жыйынтыгы боюнча 14,2 пайызга өсүп, 2 439,6 млн. АКШ долларын түзүү менен акыркы жылдардын ушул мезгилиндеги максималдуу мааниге жеткен.

**7-таблица. ЭСТКнын бөлүктөрү боюнча импорттун бөлүштүрүлүшү***

*(салыштырма салмак, пайыздарда)*

| Бөлүктүн аталышы | I ж/ж 9 | I ж/ж 10 | I ж/ж 11 | I ж/ж 12 | I ж/ж 13 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы болуп** | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Машиналар жана транспорттук жабдуулар | 21,5 | 20,2 | 21,3 | 25,8 | 24,7 |
| Минерал отуну, майлоочу майлар жана ушундай эле материалдар | 25,6 | 27,4 | 21,7 | 22,6 | 21,9 |
| Материалдын түрү боюнча классификацияланган, өнөр жай товарлары | 15,2 | 14,0 | 15,2 | 15,3 | 15,3 |
| Башка категорияда камтылбаган химиялык заттар жана у.э.продуктулар | 10,7 | 12,5 | 12,5 | 11,2 | 12,1 |
| Тамак-аш азыктары жана тирүү малдар | 13,6 | 12,3 | 14,1 | 11,1 | 11,1 |
| Ар кандай даяр буюмдар | 7,9 | 7,4 | 8,8 | 8,3 | 8,6 |
| Отундан тышкары, азык-түлүк болбогон чийки заттар | 1,5 | 1,8 | 2,0 | 1,9 | 2,5 |
| Суусундуктар жана тамеки | 2,6 | 2,9 | 2,8 | 2,3 | 2,3 |
| Малдын жана өсүмдүк майлары, тоң майлар жана момдор | 1,4 | 1,5 | 1,4 | 1,2 | 1,2 |
| ЭСТКнын башка катег-на. кирбеген товарлар жана операциялар | 0,1 | 0,0 | 0,0 | 0,4 | 0,3 |

*УСК маалыматтары боюнча, СИФ бааларында

2013-жылдын биринчи жарымында импорттун **товардык түзүмүндө** унаалар жана транспорттук жабдуулар эң чоң салыштырма салмакты (24,7 пайызды) ээлеген. Отчеттук мезгил ичинде ушул топко кирген товарларды ташып келүү көлөмү 7,2 пайызга өсүп, 651,9 млн. АКШ долларына жеткен. Топтун товардык позицияларынын көпчүлүк бөлүгүнүн өсүшкө ээ болгондугуна карабастан, мурда колдонулган жеңил автоунааларды, электр линиялык телефон аппараттарын, жүк ташуучу автоунааларды жана башка товарларды ташып келүү көлөмүнүн төмөндөшү товарлардын ушул тобунун импортунун чогуу алгандагы көлөмүнүн өсүшүнө токтотуучу таасирин тийгизген.

Бул жерде, ушул топко кирген айрым товарлар кийинчерээк реэкспорттоо үчүн алынып келингендигин да белгилеп кетүү зарыл: аларга жүк ташуу үчүн каралган автоунааларды, атайы багытта колдонулуучу автоунааларды, автоунаалардын тетиктерин жана ага тиешелүү буюмдарды, учуучу аппараттарды жана аларга байланыштуу жабдууларды ж.б. кошууга болот.

## 8-таблица. «Машиналар жана транспорттук жабдуулар» тобу боюнча негизги товарлар

*(млн.АКШ долл.)*

| Товарлардын аталыштары | өлч. бирдиги | I ж/ж 09 | I ж/ж 10 | I ж/ж 11 | I ж/ж 12 | I ж/ж 13 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы болуп** | **млн. АКШ долл.** | **288,9** | **269,9** | **373,8** | **608,1** | **651,9** |
| Мурда пайдаланууда болгон жеңил автомобилдер | миң даана | 14,1 | 10,3 | 15,8 | 34,9 | 31,1 |
| | млн. АКШ долл. | 45,4 | 39,4 | 63,9 | 148,8 | 116,0 |
| Жүк ташуу үчүн автомобилдер жана атайын багытка каралган автомобилдер | миң даана | 1,0 | 1,0 | 1,4 | 2,8 | 2,7 |
| | млн. АКШ долл. | 17,0 | 26,9 | 43,5 | 78,9 | 72,7 |
| Жарым трейлер үчүн жол унаалары | миң даана | 0,1 | 0,1 | 0,4 | 1,0 | 1,0 |
| | млн. АКШ долл. | 2,3 | 1,7 | 6,7 | 19,9 | 31,0 |
| Автоунаа тетиктери жана ага тиешелүү буюмдар | | — | — | — | — | — |
| | млн. АКШ долл. | 25,0 | 10,8 | 15,7 | 24,7 | 27,1 |
| Электр линиялык телефон же телеграф аппараттары | млн. даана | 0,2 | 0,4 | 1,0 | 0,7 | 0,8 |
| | млн. АКШ долл. | 10,7 | 15,6 | 37,8 | 35,2 | 26,5 |
| Мурда пайдаланууда болгон жүк ташуучу автомобилдер | миң даана | 0,7 | 0,7 | 1,7 | 3,6 | 3,7 |
| | млн. АКШ долл. | 6,8 | 7,4 | 11,3 | 26,4 | 25,7 |
| Учуучу аппараттар жана аларга байланыштуу жабдуулар | | — | — | — | — | — |
| | млн. АКШ долл. | 11,0 | 1,9 | 7,5 | 12,1 | 20,8 |
| Механикалык күрөктөр, экскаваторлор ж-на өзү жүрүүчү сузгуч жүктөгүчтөр | даана | 147,0 | 50,0 | 101,0 | 213,0 | 346,0 |
| | млн. АКШ долл. | 7,3 | 3,1 | 13,4 | 15,8 | 19,3 |
| Жарандык курулуш щчщн машиналардын жана жабдуулардын башка категорияда камтылбаган тетиктери | | — | — | — | — | — |
| | млн. АКШ долл. | 10,1 | 10,6 | 13,0 | 17,3 | 17,4 |
| Транспорт каражаттары үчүн ичинен күймө поршендик кыймылдаткычтар | миң даана | 2,2 | 1,8 | 2,4 | 2,9 | 5,0 |
| | млн. АКШ долл. | 0,6 | 1,3 | 4,3 | 2,5 | 12,4 |
| Башка товарлар | млн. АКШ долл. | 152,8 | 151,3 | 156,6 | 226,5 | 282,9 |

*СИФ бааларында, УСКнын маалыматтары боюнча

Ушул жылдын биринчи жарымында «минерал отуну, майлоочу майлар жана ушундай эле материалдар» тобунун салыштырма салмагы 0,6 пайыздык пунктка төмөндөп, 21,9 пайызды (суммардык мааниде алганда 579,4 млн. долларды) түзгөн. Ушул топто мунай заттары басымдуу салмакты ээлейт.

Отчеттук мезгил ичинде мунай заттарын ташып келүү көлөмү 12,5 пайызга арткандыгы байкалган, мындай өсүш ташып келүүнүн физикалык көлөмүнүн 2012-жылдын январь-июнь айларында, ташылып келген мунай заттарына орточо контракттык баа 4,5 пайызга төмөндөгөн учурга салыштырганда, 17,8 пайызга көбөйүшүнүн натыйжасында келип чыккан. КММ импортунун өсүшүнө ташып келүү көлөмү абсолюттук мааниде алганда, тиешелүүлүгүнө жараша 32,4 жана 22,6 млн. долларга көбөйгөн дизель отуну жана автомобиль бензини негизги салым кошкон.

## 9-таблица. Мунай заттардын импорту*

*(млн.АКШ долл.)*

| Товарлардын аталыштары | өлч. бирдиги | I ж/ж 09 | I ж/ж 10 | I ж/ж 11 | I ж/ж 12 | I ж/ж 13 | бардыгына карата, пайыздарда, I ж/ж 13 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Мунай заттар, бардыгы** | миң т | 724,9 | 550,6 | 455,0 | 596,6 | 703,0 | 100,0 |
| | млн. АКШ долл. | 286,2 | 314,0 | 315,7 | 456,1 | 513,2 | 100,0 |
| Автоунаа бензини | миң т | 256,6 | 177,7 | 208,1 | 320,6 | 382,4 | 54,4 |
| | млн. АКШ долл. | 91,3 | 105,6 | 135,1 | 228,0 | 250,6 | 48,8 |
| **Дизель отуну** | миң т | 110,2 | 126,6 | 136,0 | 201,9 | 248,6 | 35,4 |
| | млн. АКШ долл. | 41,4 | 69,2 | 103,8 | 158,1 | 190,5 | 37,1 |
| Авиакеросин | миң т | 300,8 | 176,2 | 50,6 | 41,4 | 52,7 | 7,5 |
| | млн. АКШ долл. | 136,5 | 112,2 | 46,1 | 44,4 | 50,9 | 9,9 |
| Башка майлоочу майлары | миң т | 6,7 | 4,7 | 6,6 | 7,4 | 7,7 | 1,1 |
| | млн. АКШ долл. | 8,5 | 7,2 | 11,2 | 12,9 | 14,9 | 2,9 |
| Мазут | миң т | 38,8 | 45,5 | 53,6 | 16,5 | 5,5 | 0,8 |
| | млн. АКШ долл. | 4,2 | 12,1 | 19,5 | 7,1 | 2,9 | 0,6 |
| Иштетиле элек мунай | миң т | 6,7 | 14,7 | — | 6,3 | 0,9 | — |
| | млн. АКШ долл. | 2,4 | 5,1 | — | 4,0 | 0,6 | — |
| Жана башка мунай заттары | миң т | 5,1 | 5,2 | 0,1 | 2,5 | 5,2 | 0,7 |
| | млн. АКШ долл. | 1,9 | 2,5 | 0,0 | 1,5 | 2,8 | 0,5 |

*УСКнын маалыматтары боюнча, СИФ баасында

КММдан тышкары бул топто жаратылыш газы жана көмүр отуну олуттуу үлүштү ээлейт. Отчеттук мезгил ичинде аларды берүүлөр тиешелүүлүгүнө жараша, 4,7 жана 12,4 пайызга кыскарган.

Материалдардын түрү боюнча классификацияланган өнөр жай товарларынын салыштырма салмагы олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болгон эмес жана импорттолуп алынган товарлардын жалпы көлөмүнүн 15,3 пайызын түзгөн. Ушул топтун төрттөн бир бөлүгүнөн көбүрөөгүн 2013-жылдын отчеттук жарым жылдыгында алардын импорту базалык мезгилдегиге салыштырганда 27,1 пайыздык өсүшкө ээ болгон чоюн жана болот металлы ээлеген. Резина дөңгөлөктөрү, текстиль кездемелери, кагаздан жана металлдан жасалган ар кандай буюмдар, жыгач ж.б. ушул топко кирген олуттуу товарлардан болуп саналат. Отчеттук мезгил ичинде сырттан алынып келинген бардык товарлар боюнча нарктык көлөмүнүн өсүшү жүргөн.

**10-таблица. «Материалдын түрү боюнча классификацияланган өнөр жай товарлары» тобунун негизги товарлары***

*(млн.АКШ долл.)*

| Товарлардын аталыштары | өлч. бирдиги | I ж/ж 09 | I ж/ж 10 | I ж/ж 11 | I ж/ж 12 | I ж/ж 13 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Бардыгы болуп | млн. АКШ долл. | 204,4 | 187,1 | 267,0 | 359,8 | 404,8 |
| Чоюн жана болот | миң т | 79,2 | 57,2 | 63,5 | 106,6 | 141,2 |
| | млн. АКШ долл. | 46,9 | 42,2 | 54,0 | 93,4 | 118,8 |
| Резина дөңгөлөктөрү | | 0,6 | 0,5 | 0,7 | 0,8 | 0,6 |
| | млн. АКШ долл. | 14,7 | 18,8 | 21,1 | 34,7 | 41,6 |
| Жасалма текстиль материалдарынан токулган кездемелер | млн.кв.м | 72,6 | 69,4 | 102,7 | 117,2 | 76,4 |
| | млн. АКШ долл. | 22,6 | 16,5 | 28,0 | 30,5 | 32,6 |
| Кагаз жана картон | миң т | 9,0 | 9,7 | 13,0 | 14,3 | 14,8 |
| | млн. АКШ долл. | 9,5 | 11,3 | 15,9 | 18,5 | 21,4 |
| Тапталган жыгач жана калыбына келтирилген жыгач | миң куб.м | 26,8 | 29,7 | 35,4 | 71,5 | 84,0 |
| | млн. АКШ долл. | 7,1 | 8,0 | 11,9 | 17,1 | 16,3 |
| Чоюндан, болоттон же алюминийден жасалган, башка категорияга камтылбаган конструкциялар | | 8,4 | 2,6 | 3,2 | 6,1 | 8,5 |
| | млн. АКШ долл. | 9,9 | 3,9 | 7,8 | 10,0 | 14,6 |
| Сырдалган керамика плиткалары | млн.кв.м | 0,8 | 0,8 | 1,0 | 1,4 | 1,5 |
| | млн. АКШ долл. | 3,7 | 3,9 | 5,1 | 6,7 | 11,1 |
| Башка категорияда камтылбаган, кагаздан жана картондон жасалган буюмдар | | 1,3 | 1,9 | 2,0 | 2,3 | 2,7 |
| | млн. АКШ долл. | 4,7 | 5,3 | 7,9 | 7,5 | 10,0 |
| Башка товарлар | млн. АКШ долл. | 95,2 | 81,0 | 123,0 | 151,4 | 153,1 |

*УСКнын маалыматтары боюнча, СИФ баасында

Отчеттук мезгил ичиндеги импортту **географиялык бөлүштүрүү** олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болгон эмес.

Өлкөнүн энергопродукцияларынан көз карандылыгы ушул топко кирген товарлардын көпчүлүк бөлүгү Россиядан (34,1 пайызы), импорттолуп алынгандыгынын себеби болуп саналат. Керектөө товарларынын олуттуу бөлүгү Кытайдан (20,1 пайызы) алынып келинет. Ал эми чийки заттардын айрым түрү Казакстандан (9,8 пайызы) түшөт.

Негизги азык-түлүк товарлары КМШ өлкөлөрүнөн импорттолгон. Ушул өлкөлөрдөн дан эгини жана андан жасалган азыктар, кант, өсүмдүк майы ж.б. тамак-аш азыктары импорттолуп алынган ири товарлардын катарына кирет. КМШ өлкөлөрүнөн ошондой эле, мунай заттары жана автоунаалардын айрым түрлөрү алынат.

Чет өлкөлөрдүн үлүшү алынып келинген азык-түлүктөн башка керектөө товарларынын түзүмүндө көбүрөөк байкалат: Кытайдан жана Түркиядан алынып келинген кийим-кечелер боюнча чогуу алгандагы салыштырма салмагы 96,0 пайыздан ашкан, ал эми бут кийим импортунда алар 87,0 пайызды ээлейт. Импорттолуп алынган автоунаалардын 63,8 пайызы Япониядан, АКШдан, Германиядан жана Кытайдан алынып келинет.

Бүтүндөй алганда, отчеттук мезгил ичинде дүйнөнүн 123 өлкөсүнөн импорт ишке ашырылган (2009-жылдын 1-чейрегинде 106 өлкөдөн).

## 11-таблица. Кызмат көрсөтүүлөр экспортунун географиялык түзүмү

*(млн. АКШ долларында)*

| Кызмат аталышы | Мамлекеттер | I ж/ж 09 | I ж/ж 10 | I ж/ж 11 | I ж/ж 12 | I ж/ж 13 | бардыгына карата, пайыздарда, I ж/ж 13 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Тартылбаган дан өсүмдүктөрү (полбаны кошо алганда) жана угут** | **Бардыгы** | **36,9** | **22,5** | **34,2** | **39,5** | **43,0** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Казакстан | 34,0 | 22,4 | 34,2 | 39,5 | 36,5 | 84,7 |
| | Россия | 2,9 | 0,1 | — | — | 6,6 | 15,3 |
| **Эт жана эт азыктары** | **Бардыгы** | **19,3** | **30,8** | **37,6** | **36,3** | **37,6** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | АКШ | 11,8 | 22,0 | 25,3 | 20,6 | 19,8 | 52,6 |
| | Кытай | 6,3 | 7,3 | 9,1 | 10,3 | 12,6 | 29,2 |
| | Украина | — | 0,3 | 0,9 | 1,2 | 2,2 | 5,1 |
| **Кант, патока жана бал** | **Бардыгы** | **16,3** | **20,4** | **35,8** | **32,5** | **29,9** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Украина | 6,9 | 0,1 | 0,1 | 4,0 | 12,8 | 42,8 |
| | Беларусь | 6,1 | 15,1 | 30,6 | 19,0 | 10,6 | 35,4 |
| | Казакстан | 1,2 | 2,6 | — | — | 2,0 | 6,6 |
| **Өсүмдүк майлары жана тоң майлар** | **Бардыгы** | **15,8** | **18,5** | **22,6** | **25,5** | **28,4** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Россия | 9,2 | 9,2 | 10,8 | 17,1 | 19,0 | 66,9 |
| | Казакстан | 2,0 | 6,3 | 3,4 | 4,1 | 4,8 | 17,0 |
| | Украина | 3,8 | 2,8 | 6,3 | 3,6 | 3,0 | 10,6 |
| **Дан азыктары, ундан жасалган азыктар** | **Бардыгы** | **7,8** | **8,6** | **13,4** | **16,5** | **21,3** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Украина | 3,2 | 3,9 | 5,8 | 7,3 | 8,0 | 37,7 |
| | Россия | 3,1 | 2,8 | 4,6 | 5,2 | 7,4 | 34,8 |
| | Казакстан | 0,8 | 1,4 | 1,8 | 2,4 | 2,5 | 11,7 |
| **Кийим-кечелер жана аларга тиешелүү буюмдар** | **Бардыгы** | **39,1** | **35,5** | **69,5** | **82,0** | **93,3** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Кытай | 32,4 | 28,1 | 59,0 | 63,7 | 77,4 | 83,0 |
| | Түркия | 3,7 | 4,4 | 6,9 | 14,2 | 12,4 | 13,2 |
| **Бут кийим** | **Бардыгы** | **19,2** | **14,7** | **22,6** | **31,2** | **33,9** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Кытай | 15,4 | 10,7 | 16,4 | 22,9 | 24,6 | 72,7 |
| | Түркия | 1,3 | 1,2 | 2,7 | 4,0 | 5,1 | 15,0 |
| **Мунай, мунай заттары жана ушундай эле башка материалдар** | **Бардыгы** | **292,4** | **315,1** | **327,5** | **469,5** | **522,3** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Россия | 262,0 | 263,3 | 290,9 | 453,6 | 507,9 | 97,2 |
| **Автоунаалар** | **Бардыгы** | **112,6** | **98,8** | **159,6** | **321,9** | **313,7** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Жапония | 26,1 | 26,6 | 46,1 | 91,9 | 73,4 | 23,4 |
| | Германия | 22,4 | 16,5 | 23,7 | 55,4 | 52,4 | 16,7 |
| | АКШ | 6,6 | 17,8 | 33,7 | 55,3 | 42,9 | 13,7 |
| | Кытай | 11,4 | 12,5 | 18,4 | 26,7 | 31,6 | 10,1 |
| | Беларусь | 1,0 | 1,7 | 2,3 | 15,7 | 14,8 | 4,7 |

## ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР ТЕҢДЕМИ[7]

Кыргыз Республикасынын тышкы соода жүргүзүү жагындагы иш чөйрөсүнүн кеңейип жатышы, эл аралык кызмат көрсөтүү жүгүртүүсүнүн артышы менен бекемделген. Ал жылдын биринчи жарымынын жыйынтыгы боюнча 33,3 пайызга көбөйүп, 1 350,5 млн. доллары деңгээлине жеткен.

**3-график. Товарлардын жана кызмат көрсөтүлөрдүн тышкы соодасы***
*(млн. АКШ долларында)*




***Улуттук банктын жана УСК баа бөрүүлөрүн эске алуу менен**

**Эл аралык кызмат көрсөтүү теңдеми** (төлөм теңдемин нейтралдык түрдө чагылдырууда) терс калыптанып, 120,8 млн. АКШ долларын түзгөн, бул өткөн жылдын ушул мезгилиндеги кызмат көрсөтүү теңдеминин тартыштыгынан аз (198,8 млн. АКШ доллары). Мында, импорттун өсүшүнө караганда (21,4 пайызга) кызмат көрсөтүү экспортунун озгон арымда ыкчамдап жатышы байкалган (51,1 пайызга).

Отчеттук мезгил ичинде **кызмат көрсөтүү экспорту** 614,9 млн. АКШ долларына жеткен, бул товарлар экспортунун көлөмүнүн 73,8 пайызына туура келет. **Кызмат көрсөтүү импорту** 735,7 млн. АКШ доллары өлчөмүндө калыптанган, бул товарлар импортунун 30,2 пайызын түзөт. Отчеттук мезгил ичинде эл аралык кызмат көрсөтүү жүгүртүүсүндө чогуу алганда 93,9% ээлеген кыдыруулар, транспорттук жана ишкердик кызмат көрсөтүүлөр тобу мурдагыдай эле, кызмат көрсөтүүлөрдүн аныктоочу тобу бойдон калган.

**4-график. Эл аралык кызмат көрсөтүүлөр**
*ИДӨгө карата пайыздарда*




«Кыдыруулар « тобунун сальдосу 2012-жылдын ушул эле мезгилиндеги деңгээлден 7,3 эсеге артуу менен 50,9 млн. АКШ доллары өлчөмүндө профицити менен түптөлгөн. Мында, кыдырууларга байланыштуу кызмат көрсөтүү импорту боюнча сыяктуу эле (2,4 эсеге өсүш), Кыргыз Республикасынын аймагына келген учурда чет өлкө жарандарына сунушталган кызмат көрсөтүүлөр боюнча өсүш (2,6 эсеге өсүш) катталган.

Өтүп жаткан жылдын 1-чейрегинде транспорттук кызмат көрсөтүү сальдосу мурдагыдай эле, терс калыптануу менен 192,6 млн. АКШ долларына жеткен. Бул өткөн жылдын январь-июнь айларындагыга караганда 0,9 пайызга аз. Мында, кызмат көрсөтүү экспортунун төмөндөшүнөн сыяктуу эле, импортунан

[7] 2008-жылдан берки маалыматтар УСК тарабынан кайрадан каралып чыккан.

улам транспорттук кызмат көрсөтүү жүгүртүүсүнүн азайып кеткендиги байкалган. Резидент эместерге сунушталган транспорттук кызмат көрсөтүүнүн көлөмүнүн төмөндөшү (4,6 пайызга) эң башкысы, автоунаалардын жана темир жол транспорт кызматынын экспортунун кыскарышынын эсебинен (тиешелүүлүгүнө жараша, 56,4 жана 14,8 пайызга) жүргөн. Транспорттук кызмат көрсөтүү импортунун динамикасын (2,0 пайызга төмөндөө) тиешелүүлүгүнө жараша, 14,4 жана 5,7 пайызга кыскарган автоунаалар жана аба транспорту аркылуу сунушталган кызматтар аныктаган.

Отчеттук мезгил ичинде ишкердик кызмат көрсөтүүлөрдүн таза экспорту 19,5 млн. АКШ долларын түзгөн (2012-жылдын биринчи жарымындагы терс мааниден 27,3 млн. АКШ доллары), бул алардын экспортуна салыштырганда (24,7 пайыз) ишкердик кызмат көрсөтүү импортунун озгон арымда төмөндөшүнөн (58,6 пайызга) улам келип чыккан. Кыргыз Республикасынын резиденттерине сунушталган консультациялык кызматтардын олуттуу кыскарышы ишкердик кызмат көрсөтүү импортунун төмөндөшүнө таасир эткен негизги фактордон болгон. Кызмат көрсөтүүнүн ушул түрлөрүнүн экспортунун кыскарышы эң оболу, жерди жана кыймылсыз мүлктөрдү ижарага берүү, ошондой эле тоо кендерин казып алуу өндүрүшүндөгү кызмат көрсөтүүлөрдүн төмөндөшүнө байланыштуу болгон.

## КИРЕШЕЛЕР

2013-жылдын январь-июнь айларындагы «кирешелер» статьясынын сальдосу мурдагыдай эле, терс калыптануу менен 167,8 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2012-жылдын биринчи жарымынын тиешелүү көрсөткүчүнөн 2,1 эсеге көп.

Мындай тенденция, эң башкысы, чет өлкөлүк тике инвесторлордун Кыргызстандагы инвестициялык ишкердигинен түшкөн кирешелеринин артышы менен шартталган. Эң оболу, ишканалардын кайра инвестицияланган пайдасынын көлөмүнүн 46,0 млн. АКШ долларынан 132,1 млн. долларга чейин (2,9 эсеге өсүш) жогорулашынан улам келип чыккан. Резидент компаниялардын чет өлкөлүк тике инвесторлордун пайдасына дивиденд түрүндө бөлүштүрүлгөн кирешелеринин көлөмүн 8,5 пайызга кыскарып, өткөн жылдын ушул мезгилиндеги 9,0 млн. АКШ долларына караганда 8,3 млн. АКШ долларын түзгөн. Натыйжада, тике инвестициялар боюнча кирешелер тартыштыгы 2,6 эсеге көбөйүп, 140,4 млн. АКШ долларына жеткен.

Отчеттук мезгил ичинде мурда алынган кредиттер боюнча пайыздарды төлөө көлөмү 38,7 пайызга (26,7 млн. АКШ долларына чейин) көбөйгөндүгү байкалган. Айрыкча бул, жеке сектордун кредиттери боюнча төлөөлөрдүн өсүп кетишинен улам келип чыккан. Ушул жагдай «башка инвестициялар боюнча кирешелер» статьясынын 41,1 пайызга (16,5 млн. АКШ долларына чейин) көбөйүп кетишине таасир эткен.

Отчеттук мезгил ичинде «эмгекке төлөөлөр» статьясынын сальдосу да терс чыгуу менен 10,9 млн. АКШ долларын түзгөн (24,6 пайызга төмөндөө). Бул тенденция резидент эместердин Кыргыз Республикасында эмгектенүүсүнөн алынган кирешелердин чогуу алгандагы көлөмүнүн төмөндөшү менен шартталган.

# ТРАНСФЕРТТЕР

Биринчи жарым жылдыктын жыйынтыгы боюнча **күндөлүк трансферттердин** алгылыктуу теңдеми кезектеги максимумга жетүү менен 945,2 млн. АКШ долларын түзгөн, бул өткөн жылдын салыштыруу үчүн алынган мезгилиндегиден 12,3 пайызга көп.

Күндөлүк трансферттер эсебинде мурдагыдай эле, **жеке трансферттер** аныктоочу роль ойногон (төлөм теңдемин нейтралдуу түрдө берүүдө), алардын таза агымы 12,4 пайызга өсүп, 942,6 млн. АКШ долларында катталган.

